Бишкек шаары
2011-жылдын 30-июну N 908-V

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

## Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тилди өнүктүрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана аны окутуп-үйрөтүү практикасына жайылтуу боюнча бирдиктүү саясат жүргүзүү максаттарында жана республиканын жогорку окуу жайларында кыргыз тили менен адабияты сабагын окутуп-үйрөтүүнүн кыскартылышы боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын көптөгөн кайрылууларын жана каалоолорун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө төмөнкүлөр тапшырылсын:

- жогорку окуу жайларында кыргыз тили менен адабияты сабагын окутуп-үйрөтүү сааттарынын көлөмүн бирдиктүү тартипке келтирсин;

- жогорку окуу жайларында орус мектебин бүтүргөндөр үчүн кыргыз тили менен адабияты сабагына жана кыргыз мектебин бүтүргөндөр үчүн орус тили менен адабияты сабагына окутуп-үйрөтүүнүн практикасын кайра карасын жана кыргыз тили менен адабияты сабагын милдеттүү катары Мамлекеттик билим берүү стандартына киргизсин;

- башталгыч жалпы билим берүүнү аяктоодо, ошондой эле абитуриенттерди жалпы республикалык тесттен өткөрүүгө кыргыз тили менен адабияты сабагы боюнча милдеттүү экзамен киргизилсин;

- негизги жалпы жана орто окуу жайларында орто жалпы билим берүүнү аяктоодо мамлекеттик тилде кыргыз класстары үчүн сочинение жана орус класстары үчүн изложение милдеттүү киргизүү боюнча маселени карасын.

2. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Билим берүү, илим, маданият, маалыматтык жана диний саясат боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитетине (Ж.А.Джолдошова) жүктөлсүн.

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин төрагасы А.Келдибеков